**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

# Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 1 токтому

29-ноябрь 2023-жыл                                        Сакалды айылы

## Бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын ”Бюджеттик кодексинин” жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1.Кыргыз Республикасынын айыл аймактарына 2023-жылдын ичинде бирдиктүү салыктын аткарылышы боюнча компенсация катарында республикалык бюджеттен келген 267,4(эки жүз алтымыш жети миң төрт жуз) сом акча каражатыны төмөнкүдөй максатта сарпталсын:

-Ноокен райондук соту тарабынан берилген 2023-жылдын 6-февралындагы № ГД-1021/22 Д7 сандуу аткаруу документинин негизинде, карызкор Таймонку Суу пайдалануучулар ассоциациясынан өндүрүп алуучу Кыргыз Республикасынын финансы –кредиттик фондунун пайдасына ушул каражат толугу менен башкача айтканда 267,4(эки жүз алтымыш жети миң төрт жуз) сом карызды которуу үчүн;

2.Жыл ичинде жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин түшүүсүнө карата жана финансы министрлиги тарабынан берилген өзгөртүүлөрдү негизинде жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү айыл өкмөттүн башчысы А.Осмоновго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага                                        А.Нишанбаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

## Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 2 токтому

29-ноябрь 2023-жыл Сакалды айылы

### Кыргызстан айылынын Ы.Орозалиев көчөсүнүн асфальт жолун реконструкциялоо долбооруна өздүк салым ажыратуу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын ”Бюджеттик кодексинин” жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын Кыргызстан айылынын Ы.Орозалиев көчөсүнүн 1000 метр аралыгын асфальттоо долбоору Ноокен райондук өнүктүрүү фондунун кароосуна даярдалып жаткандыгы боюнча айыл өкмөттүн башчысынын орун басары Э.Умаровдун маалыматы эске алынсын.Бул долбоор артыкчылыктуу деп табылсын
2. Жалпы сметалык баасы 5 825 088 сомду түзгөн бул долбоордун 2000 000 (эки миллион) сом өздүк салымы Сакалды айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинен каралсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

## Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 3 токтому

29-ноябрь 2023-жыл Сакалды айылы

### Чоң-Багыш айылынын Т.Токторалиев көчөсүнүн асфальт жолун реконструкциялоо долбооруна өздүк салым ажыратуу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын ”Бюджеттик кодексинин” жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын Чоң-Багыш айылынын Т.Токторалиев көчөсүнүн 1100 метр аралыгын асфальттоо долбоору Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фондунун кароосуна даярдалып жаткандыгы боюнча айыл өкмөттүн башчысынын орун басары Э.Умаровдун маалыматы эске алынсын.Бул долбоор артыкчылыктуу деп табылсын.
2. Жалпы сметалык баасы 6560,141 миң сомду түзгөн бул долбоордун 656 141 ( алты жүз элүү алты миң 141) сом өздүк салымы Сакалды айыл өкмөтүнүн 2024-жылга карата жергиликтүү бюджетинен каралсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 4 токтому**

29-ноябрь 2023-жыл Сакалды айылы

**Жарандардын арыздарын кароо жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын Кыргызстан айылынын жашоочусу жаран Мурзаева Мархабаттын аталган айылдын К.Саипов көчөсүндө жайгашкан 3-04-08-0008-1091 идентификациялык номери менен катталган 0,03га жер тилкесинин максаттуу багытын өзгөртүү жөнүндөгү арызы төмөнкүлөргө негиз канааттандыруусуз калтырылсын;

-бул жер тилке 2020-жылдын 11-декабрында аукцион жолу менен соода түйүн куууруу максатында №20229 сандуу сатуу жана сатып алуу келишиминин негизинде сатылып алынган.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин жер жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 5 токтому**

29-ноябрь 2023-жыл Сакалды айылы

**Жарандарга материалдык жардам ажыратуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын жашоочусу жаран Оморова Гульнаранын уулу Оморов Нооманжандын ден соолугуна байланыштуу чет өлкөгө дарылануга барууга көмөк көрсөтүү жөнүндөгү арызы канааттандырылсын. Жаран Оморов Нооманжанга айыл өкмөттүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 20000(жыйырма миң) сом акча каражаты ажыратылсын;

2.Жогоруда аталган акча каражатты тиешелүү булактардан ажыратып берүүнү камсыздоо Сакалды айыл өкмөтүнүн башчысы А.Осмоновго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

## Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 6 токтому

29-ноябрь 2023-жыл Сакалды айылы

### Көчөлөргө ат коюу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине,Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы географиялык обьекттерди атоо,алардын аталышын өзгөртүү,географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө”Жобонун 10п ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын Кыргызстан айылынын жаңы конуштарындагы аты жок көчөлөргө ат коюу боюнча жашоочулардын жыйналыштарынын протоколдору бекитилсин.

1) Маркум Мурзакулов Кадыр аттуу жарандын ысымы ыйгарылган көчөдөгү бир катар жайгашкан турак үйлөргө 1,2,3,4,5,6,7,8,9,10,11,12,13,14 катар номерлери ыйгарылсын,ал эми жолдун экинчи тарабы эгин талаа;

2) Маркум Калык уулу Курбанбек аттуу жарандын ысымы ыйгарылган көчөнүн оң тарабындагы турак үйлөргө 1,3,5,7,9,11,13,15,17,19,21,23,25,27,29,31,33,35,37,39,41 катар номерлери ыйгарылсын, сол тарабындагы турак үйлөргө 2,4,6,8,10,12,14,16,18,20,22,24,26,28,30,32,34,36,38,40,42 катар номерлери ыйгарылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ**
**КЕНЕШ**

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 7 токтому**

29-ноябрь 2023-жыл Сакалды айылы

**Жарандардын арыздарын кароо жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын жашоочусу жаран Осмонов Рустамдын 0,08га жер тилкесин участоктун жанындагы муниципалдык менчиктеги жер тилкеге алмаштыруу боюнча арызы канааттандыруусуз калтырылсын.
2. Сакалды айыл аймагынын жашоочусу жаран Юсупов Сайипжандын жеке менчик жер тилкесинин бир бөлүгүнө соода түйүн салуу жөнүндөгү арызы бул курулуштун долбоорунда кызыл сызыкка чыгып жаткандыгы эске алынып,канааттандыруусуз калтырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин жер жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXI сессиясынын № 8 токтому**

29-ноябрь 2023-жыл Сакалды айылы

**Катуу таштанды калдыктарын чогултуу жана ташып чыгаруунун бааларын(тарифтерин )бекитүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXI-сессиясы **токтом кылат:**

1.Сакалды айыл аймагынын жашоочуларынын 2023-жылдын 15-августундагы жыйналышында каралган катуу таштанды калдыктарын чогултуу,ташып чыгарууга жана таза ичимдик сууга болгон бааларын(тарифтерин )бекитүү боюнча Сакалды айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Э.Умаровдун маалыматы эске алынсын.

2.Сакалды айыл аймагындагы бардык айылдарда катуу таштанды калдыктарын ташып чыгаруунун наркы ар бир кожолукка айына 120 сом,1 куб таза сууга болгон баасы 32,90сом өлчөмүндө бекитилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев